КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын
ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №16 Казарман айылы

Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 18-февралындагы №01-6/200 чыгыш сандуу катын карoo (беренеден беренеге жылдыруу)

"Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Атыканов Анарбек Кадыкеевичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

1. Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетинин башкаруу тармагынын 2215 ар кандай чыгымдар беренесинен ооруларды алдын алууга каралган 200,0 (эки жүз миң) сом акча каражатынан, 90,0 (токсон миң) сомун эки дарыгердин турак жай ижара акысын төлөөгө жылдырылсын,эки дарыгерге үч айга 15,0 (он беш миң) сом өлчөмүндө төлөнүп берилсин.
2. Башкаруу тармагынын 2215 ар кандай чыгымдар беренесинен мүлктөрдү камсыздандырууга каралган 400,0 (төрт жүз миң) сом каражатын, кардын көп жаашынан суу каптоо коркунучуна байланыштуу, кошумча форс-мажордук чыгымдарына жылдырылсын.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл аймагынын өкмөт башчысы М.Ж.Олжотоевге тапшырылсын.
4. Бул токтом Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**